УДК 378.147(575.2)

# ОБЕСПЕЧЕНИЕ КАЧЕСТВА ОБРАЗОВАНИЯ В УСЛОВИЯХ ЕВРОПЕЙСКОЙ ИНТЕГРАЦИИ

***А.З. Беделбаева***

Рассматриваются проблемы, связанные с переходом вузов Кыргызстана на полноценный Болонский процесс, а также степень нашей готовности к этой системе. Взаимная интеграция европейских государств, вызванная стремлением к сближению и гармонизации системы образования в Европе, предусматривает векторы развития высших образовательных учреждений в государствах – участниках Болонского процесса на протяжении почти двадцати лет. Стратегия реформирования системы высшего образования в Европе связана с необходимостью его интеграции в рынок труда. Экономическое объединение государств Европы и стран, примыкающих к ним, обусловлено стремлением создания динамичного и конкурентоспособного экономического пространства в мире. Для достижения этой цели необходимо улучшить качество высшего образования, повысить мобильность и сделать профессионалов более конкурентоспособными. В течение первого десятилетия после внедрения Болонского процесса в национальной системе высших учебных заведений стран-участниц предусматриваются предварительные изменения методологии для реализации единых механизмов Болонского процесса.

*Ключевые слова:* Болонский процесс; реформа; методология; студент; интеграция; рынок труда; европейское пространство; образование; квалификация; университеты.

# ЕВРОПАЛЫК ИНТЕГРАЦИЯНЫН ШАРТЫНДА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗ КЫЛУУ

***А.З. Беделбаева***

Бул макалада Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын толугу менен Болон процессине өтүшү менен кандай көйгөйлөр жаралгандыгын, ошондой эле канчалык деңгээлде бул системага даяр экендигибиз тууралуу маселе каралды. Европадагы билим берүү системасын жакындаштырууга жана шайкештөөгө болгон умтулуулардан улам келип чыккан Европа мамлекеттеринин өз ара интеграциясы жыйырма жылга жакын мезгилден бери Болон процессине катышкан мамлекеттердеги жогорку билим берүүчү мекемелерди өнүктүрүү векторлору каралган. Европадагы жогорку билим берүү системасын реформалоо стратегиясы аны эмгек рыногуна интеграциялоо зарылдыгына байланыштуу. Европа мамлекеттеринин экономикалык биримдиги чектеш жайгашкан мамлекеттердин дүйнөдөгү динамикалуу жана атаандаштыкка туруктуу экономикалык мейкиндикти түзүүгө болгон ниети менен шартталган. Бул максатка жетүү үчүн жогорку билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, мобилдүүлүктү күчөтүү жана адистердин атаандаштыкка туруктуулугун шайкеш келтирүү зарыл. Болон процессинин биринчи он жылдыгында катышуучу өлкөлөрдүн жогорку окуу жайларынын улуттук системасында Болон процессинин бирдиктүү механизмдерин иш жүзүнө ашыруу үчүн алдын ала методологияны өзгөртүү каралат.

*Түйүндүү сөздөр:* Болон процесси; реформа; методология; студент; интеграция; эмгек рыногу; Европа мейкиндиги; билим берүү; квалификация; жогорку окуу жайлар.

# ENSURING THE QUALITY OF EDUCATION IN THE CONTEXT OF EUROPEAN INTEGRATION

***A.Z. Bedelbaeva***

Problems with the transition of universities in Kyrgyzstan to a full-fledged Bologna process, as well as the degree of our readiness for this system. Mutual integration of European states, caused by the desire to converge and harmonize the education system in Europe, provides vectors for the development of higher educational institutions in the states participating in the Bologna process for almost twenty years. The strategy of reforming the higher education system in Europe is associated with the need to integrate it into the labor market. The economic unification of the states of Europe and the states adjacent to them is conditioned by the desire to create a dynamic and competitive economic space in the world. To achieve this goal, it is necessary to improve the quality of higher education, increase mobility

and make professionals more competitive. During the first decade of the Bologna process in the national system of higher educational institutions of the participating countries, preliminary changes and methodology are envisaged for the implementation of the unified mechanisms of the Bologna process.

*Keywords:* Bologna process; reform; methodology; student; integration; labor market; European space; education; qualification; university.

XXI кылымдын акыркы он жылдыгынан тартып жогорку окуу жайларында билим берүү багытында кескин өзгөрүүлөр болду. Европадагы жогорку билим берүү системасын реформалоо стратегиясын жогорку окуу жайларда интеграциялоо азыркы учурдун актуалдуу көйгөйү катары карасак болот. Кыргызстандын жогорку окуу жайларында негизги окутуу талаптары стандарт аркылуу бекигени менен ал илимийтеориялык жактан кандай мазмунду камтып, практикалык багытта кандай жол-жоболор менен ишке аша тургандыгы, өлкө ичинде эң көйгөйлүү маселелердин бири.

Болонья декларациясынын жоболоруна таянсак, Кыргызстандагы жогорку окуу жайлар 2011/2012-окуу жылдарда акырындап Европанын жогорку профессионалдык окуу системасына өтө баштадык (бакалавриат, магистратура, докторантура PhD). Ошентсе да Кыргызстандын Болон системасына кирүүсү оор шартта өтүп келген жана дагы деле өтүүдө, өз алдында объективдүү жана субъективдүү мүнөздөгү кыйынчылыктарды жолуктуруп келет. Биринчилерден мыйзамдык, уюштуруучулук, финансылык, ошондой эле моралдык иреттерди белгилесе болот. Азыркы Россиянын жана Казакстандын изилдөөчүлөрүнүн жана жогорку билим чөйрөсүнүн кызматкерлери арасында да биздин өлкөлөрдүн Болон процессине кошулуусунун келечектеги өнүгүүсүнө, деги эле жогорку билимдеги өзгөрүүлөргө терс көз караштар бар экенин белгилеп кетсек болот. Жогорку кесиптик билим берүүнү гумандаштырууда, азыркы мезгилдин кырдаалына ылайык, көптөгөн милдеттерди өз ичине ала тургандыгын да Болонья келишиминде аныкталган болсо, ал учурда адистерди даярдоодо бир нече пункттарда иш чаралардын аткарылышын бардык өлкөлөрдөн талап кылып келет.

Европа мамлекеттери, экономикалык биримдиги чектеш жайгашкан мамлекеттердин дүйнөдөгү динамикалуу жана атаандаштыкка туруктуу, экономикалык мейкиндикти түзүү ниети менен Европа кеңешинде сунуштаган. Бул максатка жетүү үчүн билим берүүнүн сапатын жогорулатууга, студенттердин мобилдүүлүгүн күчөтүүгө жана адистердин атаандаштыкка туруштук бере ала тургандыгына алып келет. 1957-жылы Рим келишиминде, Европа кеңешинин биргелешкен саясаты товарларды, жумушчу күчүнүн миграциясы, ошондой эле капиталдарын эркин алмаштырган жалпы ички рынокту түзүүгө багыттаган чечим кабыл алынган [1]. Мунун натыйжасында келип чыккан Европа кеңешинин жана ага чектеш жайгашкан мамлекеттердин ичиндеги өз ара жумушчу күчүнүн миграциясы, ошондой эле жалпы эмгек рыногунун калыптанышы квалификацияны жалпы европалык деңгээлде таануу проблемасы алдыга коюлган. Европалык комиссия 2001-жылдан 2005-жылга чейин Европада баардык деңгээлде эмгек рыногунун талаптарына жооп берген, профессионалдык квалификацияны таануу жолу менен эмгекке жарамдуу калктын мобилдүүлүгүн камсыздоого болгон тоскоолдуктарды жоюу, европалык мейкиндикте квалификацияны жогорулатуу тууралсындагы маалыматтарга кирүүгө болгон түз мүмкүнчүлүктү ачуу стратегиясын түзүүнү сунуштаган [2]. Квалификациянын комплекстик системасын иштеп чыгуу чечими Берлинде өткөн Европалык кеңешке мүчө мамлекеттердин билим берүү министрлеринин конференциясында 2003-жылы кабыл алынган. Ошондой эле Бергендеги билим берүү министрлеринин 2005-жылдагы конференциясында да “Жогорку билим берүүнүн европалык мейкиндиги үчүн квалификация системасынын принциптери” кабыл алынган. Анда жогорку окуу жайынын квалификациясынын, европалык системасы менен квалификациянын европалык системасы ортосундагы өз ара байланышты жана өз ара толуктоолорду камсыздоо зарылдыгы белгиленген. Квалификациянын европалык системасын иштеп чыгууда өмүр бою билим алуу (англ. life long learning) стратегиясын ишке ашыруу зарылдыгы менен [3], ошондой эле квалификациялардын айырмачылыгынан улам жаралган, билимди жана

компетенцияларды эффективдүү пайдаланууга тоскоол болгон, жарандардын барьерлерин жоюуга болгон муктаждык да каралган.

Европалык мамлекеттерде бирдиктүү эмгек рыногун түзүүдө, ар түрдүү билим берүү формаларын ирэттөө, максатын көздөгөн квалификациянын улуттук системасы боюнча ири иштер жасалган. Квалификациянын улуттук системасынын максаты конкреттүү квалификацияны алууга, квалификацияны жогорулатуу, алган квалификацияларды официалдуу таануунун так процедураларына алып келе турган, окутуунун ар түрдүү жолдорун уюштуруу болуп саналат. Квалификациянын европалык системасы өз ичине: "европа континентиндеги граждандардын академиялык, эмгек мобилдүүлүгүн өстүрүү, салыштырмалуулукту, квалификацияны, дипломдорду жана билими тууралуу күбөлүктү таанууну камсыздоого багытталган метасистеманы" камтып турат [4]. Европада квалификацияларды өстүрүү, билим берүүнүн сапатын көтөрүү, билим берүү процессин уюштуруунун оптималдуу ыкмалары менен технологияларын изилдөө, анын максаттарын жана натыйжаларын кайра карап чыгууну көздөгөн жогорку билим берүүнүн бирдиктүү Европалык мейкиндигин түзүү процесси менен параллель жүргүзүлөт. Бул мейкиндик "жогорку окуу жайынын студенттери менен кызматкерлеринин эркин өз ара барлашуусу, квалификацияларды таануу, билим берүүнүн жогорку сапаты" [5] менен мүнөздөлүшү керек.

Болонья келишиминин башында эле 6 негизги жобо – жогорку билим берүүнүн бирдиктүү мейкиндигине жетүүнүн механизми катары берилген:

1) билим берүүгө салыштырма квалификацияны киргизүү, европа өлкөлөрүнүн жогорку билим берүүсүнүн улуттук системасына окуу процессинин бакалавриат жана магистратура деңгээлдеринен турган эки деңгээлдүү түзүлүшүн киргизүү;
2) окуу жүгүн (эмгек көлөмүн) зачеттук бирдик (кредит, кредиттик бирдик) менен эсептөөнү киргизүү;
3) дипломдун тиркемесине окуу жүгүн жана квалификациясын жазууну киргизүү;
4) жогорку окуу жайындагы студенттин, профессор-окутуучулар түзүмүнүн жана административдик-башкаруу персоналдарынын мобилдүүлүгүн жогорулатуу жана эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү;
5) салыштырмалуу критерийлер менен методологияны түптөй турган максаттагы Европада жогорку билим берүүнүн сапатын камсыздай турган бүтүн системаны түзүү;
6) квалификацияны таануу [6].

Кийинки конференциялардын жүрүшүндө билим берүү министрлери негизги механизмдерге төмөндөгүлөрдү кошушту:

- жогорку билим берүүнүн жалпы системасына үчүнчү деңгээлди – аспирантураны киргизүү;
- чет тилдерин күчөтүп окутуу менен окуу процессине европалык өлчөөнү күчөтүү;
- өмүр бою үзгүлтүксүз билим алууга мүмкүн болгондой кылып окутуунун структурасын түзүү;
- жогорку билим берүүнүн интернационализациясын ар түрдүү тилдерде сунушталган билим берүү программаларын реализациялоо аркылуу ишке ашыруу.

Муну менен катар негизги багыттарга кошумчалар киргизилген:

- студенттердин башка окуу жайында болгон мезгилиндеги шарттарын жакшыртуу;
- жогорку окуу жайынын Болон декларациясы жобосун эске алуу иштелген эл аралык кызматташтык ишкердүүлүгүнүн специализациясы;
- жогорку билим берүү тармагында маркетингдик изилдөө жүргүзүү;
- жогорку окуу жайынын ичиндеги билим берүүнүн сапатын көзөмөлдөө системасын өнүктүрүү;
- жогорку окуу жайынын, студенттин жана иш берүүчүнүн ишкердүүлүгүнүн сырткы баа берүүгө катышуусу.

Окутуунун деңгээлдик түзүлүшүн (бакалавриат, магистратура, аспирантура), зачеттук бирдикти киргизүү жана окутуунун жыйынтыгында жогорку билим берүүчү мекемелердеги жогорку билим берүүнүн улуттук системасын таануу студенттик жана окутуучулардын мобилдүүлүгүн кеңейтүүнүн негизги аспектиси болуп саналат [7]. Кредиттик бирдик системасын киргизүүнүн шарты катары окутуунун модуляризациясы эсептелет. Окуу модулунун мааниси жана түзүлүшү, дисциплинадан, билим берүүнүн баскычынан, студенттердин окуп

бүткөн билиминин деңгээлинен, окутуучунун жеке профессионалдык тажрыйбасынан көз каранды болот. Бул белгилүү компетенцияларды жана профессионалдык ишкердүүлүктү калыптандыруу максатын көздөгөн окуу программасын түзүүгө негиз болуп берет. Модулдук окутууда белгилүү бир жыйынтыкка жетүү модулдун логикалык катышы жана комбинациясы аркылуу жеңил ишке ашырылат. Модулдун универсалдуулугу эки тараптуу канааттанууга алып келет.

Окутуунун жыйынтыгы катары өзүнчө курсту, модулду же окуу программасын толугу менен аяктагандан кийинки жеке жетишкендиктер, билим жана практикалык билгичтиктер (компетенциялар) саналат. “Квалификациялык дескрипторду” пайдалануу жана билим берүүнүн аяккы жыйынтыгына таянуу квалификацияны аныктоого, модулдарды иштеп чыгууга, окуу программаларын түзүүгө жана окутуунун бүтүндөй сапатын камсыздоо баасына негиз жаратат. Болон процессинин катышуучулары тарабынан ар бир билим берүү баскычынын квалификациясына түшүндүрмө берген бирдиктүү “Дублин дескриптору” кабыл алынган. Башка мамлекеттин квалификациясын, алардын жеке системасында принципиалдуу айырмалар жок болгон учурда, аналогдук квалификация катары таануу сунушталган. Лиссабон конвенциясына ылайык сынактар жана окутуу мезгили деталдык эмес дал келүүлөрдө таанылышы керек [8].

Жогорку билим берүүнүн европалык мейкиндигинин негизги максаты жогорку окуу жайынын ички көзөмөлүн өнүктүрүүнү шарттаган, жогорку окуу жайынын студенттеринин жана иш берүүчүлөрүнүн ишкердүүлүгүн сырткы баалоого (чет элдик эксперттерге катышуу) алып чыккан, билим берүү мекемелерин жана жогорку окуу жайынын билим берүү программаларын европалык сапатты камсыздоо системасынын талаптарына ылайыктап сапаттуу билим берүү болуп эсептелет. Сапатты камсыздоо системасы өз ичине бааны (жогорку окуу жайынын ишмердүүлүгүн баалоо), аккредитацияны, сапат менеджментин, демейки стандарттарды бекитүүнү камтып турат. Болон процессинин алкагында билим берүүнүн сапатына сырткы баа берүү менен билим берүүнүн сапатына болгон жалпы талапты жана жалпы методологияны бекитүү боюнча агентстваларды уюштуруу, алардын иш алып баруусу жаатында чоң иштер жүрүүдө. Билим берүүнүн сапатына болгон көзөмөл билим берүү программаларынын бирдей критерийлердин, профессионалдык жана академиялык стандарттардын негизиндеги бирдиктүү ачык аккредитация системасы аркылуу көзөмөлгө алынуу менен кепилдикке алынышы мүмкүн. Болон процессинин алкагында бир гана мамлекеттик органдардын, коомдук жана профессионалдык мекемелердин гана эмес, ошондой эле эл аралык уюмдардын окуу жайынын же билим берүү программасынын статусу, мыйзамдуулугу жана укуктук негизи жөнүндө чечим кабыл алуу мүмкүнчүлүгү келип чыгат.

Жогоруда айтылган Болон процессинин шарттарына таянуу менен төмөнкүдөй жыйынтыкка келсек болот. Азыркы учурда глобалдаштыруу шартында билим берүү атаандаштыкка туруштук бере алышы керек экени бүгүнкү күндө баарыбызга түшүнүктү. Билим берүүнүн атаандаштыкка туруштук бере алышына жетүү, биринчиден билимдин сапатына көз каранды, бул өлкөбүздүн эң орчунду проблемасы. Болонья келишиминин академиялык насыя системасын киргизүү жөн жерден биринчи орундарда турбаса керек, бул студенттердин жана окутуучулардын мобилдүүлүгүнүн өсүшүнүн негизи болот. Дагы бир проблема – жогорку билим берүү тармагында студенттердин чет тилдерге даярдыгы жоктугу, анткени ал мобилдик процесстин ишке ашуусун кармап турууучу фактор болуп саналат. Кыргызстандын жогорку окуу жайларында Болон процесси өз максатына жетүү үчүн студенттердин мобилдүүлүгүнө, студенттердин чет тилдерин (минимум эки чет тилин) үйрөнүүсүнө, аралыктан окутууну өнүктүрүүгө, студенттердин жана изилдөөчүлөрдүн университеттин ресурстарына электрондук кирүү мүмкүнчүлүгүн ачууга, университеттин окуу планына европа өлкөлөрүнүн укугун, маданиятын, тарыхын ж. б. үйрөтө турган “европалык предметтерди” көңүл бурулса, жогорку билим берүүдө эң чоң жетишкендик болмок. Болон процессинин дагы бир шарты – бул илимий тармактагы мааниси, маданий билим берүү контексти менен Европадагы демократияны бекемдөөдө, жаш муундарга маданий билим берүүдө жана европа өлкөлөрүнө улуттук өзгөчөлүктөрдү кеңири жайылтууда шарт түзгөн. Ошондой эле Кыргызстандын жогорку окуу жайын бүтүргөн бүтүрүүчүлөр үчүн

Европа мамлекеттериндеги эл-аралык компанияларда иштегенге жана окуусун улантууга мүмкүнчүлүк ачылган. Болон процессин Кыргызстандагы жогорку окуу жайларында негизги окутуу талаптары даяр формада кабыл алганыбыз менен, ал илимий-теориялык жактан жана практикалык жактан иштебей турганын белгилеп кетсек болот. Мындай даяр форма мыйзамдуу кабыл алынган менен теориялык мазмуну, практикалык иш чараларга таандык болгон усулдук табияты илимий-методикалык жактан терең изилдөөгө муктаж экендигин айта кетсек болот.

***Адабияттар***


1. Vertrag zur Gründung der Europäischen Wirtschaftsgemeinschaft (Rom, 1957). URL: https://eur-lex.europa.eu/legal-content/DE/TXT/PDF/?uri=CELEX:11957E/TXT&from=EN (дата обращения: 20.01.2021).
2. Mitteilung für die frühjahrstagung des europäischen rates. Zusammenarbeit für Wachstum und Arbeitsplätze Ein Neubeginn für die Strategie von Lissabon (Brüssel, den 2.2.2005). URL: https://eur-lex.europa.eu/LexUriServ/LexUriServ.do?uri=COM:2005:0024:FIN:DE:PDF (дата обращения: 20.01.2021).
3. Global Perspectives on Higher Education and Lifelong Learners. London, 2012.
4. Европейская система квалификаций. URL: https://bsu.by/upload/page/172163.pdf (дата обращения: 20.01.2021).
5. *Байденко В.И.* Болонский процесс: Бергенский этап / В.И. Байденко. М., 2005. 174 с.
6. Совместная Декларация европейских министров образования “Европейское пространство высшего образования” (Болонья, 19 июня 1999 года). URL: https://nic.gov.ru/ru/docs/foreign/other/declaration_1999 (дата обращения: 21.01.2021).
7. *Мишина Е.А.* Реформирование высшего образования Италии и Венгрии в условиях реализации Болонского процесса: дис. … канд. пед. наук. М., 2006.
8. Конвенция о признании квалификаций, относящихся к высшему образованию в Европейском регионе (Лиссабон, 11 апреля 1997 года). URL: https://rm.coe.int/168007f2f5 (дата обращения: 21.01.2021).